Математика жана информациялык технологиялар факультетинин ИСТ(б)-1-16 тайпасынын кураторлук саатынын

**№9 ПРОТОКОЛУ**

*20-май, 2019-жыл.*

*Куратор:* Н. Абдирайимова
*Катчы:* Мухамидин кызы Майрамкан
*Катышкандар*: ИСТ(б)-1-16 тайпасынын студенттери

*Күн тартиби:*

3. Ар түрдүү маселелер.

ИЭТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландардын мазмунун группада талкуулоо жана сунуш берүү.

*Н. Абдирайимова (куратор):* ИСТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планын тиешелүү кафедралар түзүп жатышат. Ар бир багыт боюнча стратегиялык план иштелип жатат. Бул НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландар боюнча уюштурулуучу иш чаралар, иш чараларды өткөрүүнүн мөөнөтү жана жооптуулар көрсөтүлгөн. Андан сырткары максаттуу индикаторлор жана окуу, илимий ишмердүүлүктөрдү өнүктүрүү, илимий-педагогикалык кадрлардын сапатын жогорулатуу, эл аралык ишмердүүлүктөрдү жогорулатуу, бүтүрүүчүлөрдү ишке орнотуу, НББПларын өнүктүрүү жана коомго жайылтуу боюнча иш чаралардын пландары каралган. Азыркы түзүлүп жаткан стратегиялык пландарда НББПларды 2015-19-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык пландардын аткарылышы боюнча анализ жүргүзүлүп, анын натыйжасында жана иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин сунуштарынын негизинде түзүлүп жатат. Урматтуу студенттер, бул боюнча силер да өз сунушунарды берсенер жакшы болот. Бул түзүлүп жаткан стратегиялык планга кандай сунуштарды берет элеңер?

Куратор Н. Абдирайимова ИСТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы боюнча толук маалымат берди.

*Мамат уулу Кутманбек (ИСТ(б)-1-16 группасынын студенти):* ИСТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планды карап чыктык. Менин жеке пикиримде тандоо курстарына заманбап компьютердик тиркемелерди иштеп чыгып жаткан программаларды окуутуу боюнча жана “1Сте программалоо жана администрлөө” деген сабактарды биринчи, экинчи курстарда окусак кандай болот? Чоң курска келгенде студенттер көпчүлүгү иш менен элек болуп калат экен.

*Равшан уулу Сыймык (ИСТ(б)-1-16 группасынын студенти):* ИСТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы менен таанышып чыктык. Бул жерде куратор айтып өткөндөй иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн, студенттердин жана ата-энелердин сунуштары эске алыныптыр. Биз дагы жакшы сунуштарды берсек, бизден кийин окуган студенттерге да пайдасы тиет деген ойдомун. Мисалы, сырткы мобилдүүлүк боюнча бизде жакшы иштер жүргүзүлүп жатат. Биз ички

мобилдүүлүк боюнча БАТМУга, ОшКУУга, ОшТУга жана Бишкектеги ЖОЖдорго барып ошол ЖОЖдор менен маалымат алмашсак жакшы болот эле деген ойдомун.

Тайпанын студенттери куратор тарабынан ИСТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы боюнча маалыматтарды алышты. Андан сырткары сунуштар боюнча талкуу жүргүзүлүп, төмөнкүдөй

**ЧЕЧИМ** кабыл алынды:

1. ИСТ багыты боюнча НББПларды 2019-2024-жылдары өнүктүрүү боюнча стратегиялык планы боюнча таанышып чыгышты жана жактырылды;
2. Студенттер тарабынан берилген сунуштарды кароо жагы кафедранын кеңешмесинде чечилсин;
3. Сунуштарды кафедрага көрсөтүү куратор Н. Абдирайимовага жүктөлсүн.

*Куратор:* Н. Абдирайимова

*Катчы:* Мухамидин кызы Майрамкан